С(Кырг)
Ш-95

Үмүтай Шүкүрбай кызы

# ЖЕТИ БАШТУУ АЖЫДААР



С/Кыргз
Ш 95



Жайкы эс алуу лагериндебиз. Аба таза. Биз жашаган жердин күн чыгыш тарабында сайдан суу агат. Андан ары арчалуу токой. Кээде биз ал жакты дүрбү менен карап кызыкка батабыз. Чуркап бараткан коёнду дүрбү менен да көрүүгө болот.

Бүгүнкү күндү агай-эжейлерибиз «Таланттуулар күнү» деп жарыялады. Окуучулар эки топко бөлүнүп жарышмай болдук. Ар бир окуучу өз колунан келген талантын көрсөтөт. Кечинде кызыктуу кече уюштурабыз. Биздин топко Кемел агай жетекчи болду.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 33124 б/8
РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК

Кечеге даярданып, Санжар кагаздан самолёт жасап баштады. Чыңгыз бир жомокту ойлоп таап, аны баракка жазып отурат. Жомоктун каарманы элди душмандардан коргогон ак ниет ажыдаар экен. Айгүл кайра-кайра бийлеп, Айнур ырдап, аябай даярданып жатышат. Мен сыртка чыгып, сейилдеп бир нерсе ойлоп табууну көздөдүм. Дүрбүнү моюнга асып алдым. Ары-бери басып, айлана-чөйрөнү дүрбү менен да карадым. Бул жерден сайдагы суу даана көрүнөт.





Бир маалда аркы өйүздө сууга агып келип, жээкке чыгып калган дарактын тарбайган тамыры көзгө көрүндү. Башыма бир ой кылт этти. Таптым! Мен андан бир нерсе жаратууну ойлодум. Бул оюмду азырынча эч кимге айтпай турам. Ага кантип жетүүнүн жолун издей баштадым. Аркы өйүзгө өтүүгө көпүрө да жок. Эмне кылсам? Тамырды карап, көзүмдү албай отурсам, Чыңгыз жаныма келди:



РБДЮ им. К. Баялинова
БАЛАЛЫК



– Эмне кылып отурасың?

Анын колуна дүрбүнү карматтым.

– Суунун аркы жээгиндеги тээтиги тамырды көрдүңбү? Мына ошону бул жакка кантип алып өтүүнү ойлонуп отурам.

– Элдин баары ыр, бийге даярданып жатса, ал куураган тамырдын сага эмне кереги бар?

– Ал мага абдан керек. А бирок ага кантип жетем? Сен мага жардам бере аласыңбы?

– Жардам бермекмин, бирок суудан кантип өтөбүз?

– А балким агайга айтып, тактай таштап көпүрө жасап өтүп көрсөкчү?

– Ал коркунучтуу да. Тамыр сага абдан эле керек болсо, Кемел агай менен кеңешип көрөлү. Агай сөзсүз бир нерсе ойлоп табат, – деди Айнур да кепке аралашып.



Чуркап келдик да, Кемел агайга дүрбүнү карматтык.

– Агай, аркы жээкте турган тарбайган тамырды көрдүңүзбү? Аны кантип бул жакка алып келсек болот?

– Аа, аны оңой эле алып келебиз. А бирок эмне кереги бар?

– Эх, аны алып келүү оңой эмес го! Мага ал абдан керек болуп жатат, – дедим улутуна.

– Демек, керек болсо, алып келели, – деди агай жылмайып.

– Кантип, агай? Көпүрө барбы?

– Артыман ээрчигиле, – деди агай күлүп.





Арчалуу токойду аралай өттүк. Көрсө, ылдый жакта көпүрө бар тура. Так секирип кубандым.

– Агай, бул жактагы көпүрөнү эмнеге көрө элекпиз?

– Аны биз силерди атайын экскурсияга чыгарып көргөзөбүз деп ойлогон элек.

Агай менен көпүрөдөн өтүп, жээкте жаткан кууратан дарак тамырына жеттик! Аны көтөрүп балдарга келдик. Чыңгыздын кулагына шыбырадым. Ал мага кубана тиктеп, бармагын өйдө көтөрүп: «Оо, жарайт!» – деди.



РБДЮ им. К. Баялинова
ИНВ № 33124 б/б

Кече башталды. Ар кандай түскө боёлгон куураган тамырдан жасалган жети баштуу ажыдаарыбызды ортого алып чыктык. Окуучулардын баары таң кала карап калышты. Чыңгыз жалтырак желим баштыктан кийим кийип, бети-башын кара боёк менен боеп алган. Ажыдаардын далдаасына туруп алып күркүрөгөн үн чыгарган Чыңгызды түк таануу мүмкүн эмес эле. Чыңгыз ролун сонун аткарып, балдарды күлдүрүп да жатты.

Биз биринчиликти алдык! Биз менен жарышкан топко да ажыдаарыбыз абдан жакты. Ал жайкы лагерь аяктаганча көрүнүктүү жерде турду.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Бул китептин басылышы АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен ишке ашырылды. Китептин мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

*автор*
Үмүтай Шүкүрбай кызы
*сүрөтчү*
Таттыбүбү Ырысбай

Бул жана башка электрондук китептерди QR- код аркылуу окусаңыз болот.

- 1 класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2 класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3 класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4 класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли

USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору
Кыргыз Республикасы

Басууга 16.09.2022-ж. кол коюлду. Офсет кагазы.
Кагаздын форматы 60х84 $^{1}/_{8}$. Көлөмү 1,0 накта басма табак. Нускасы 15300.
ЖЧК «Имак офсет» басмаканасында басылды. Бишкек ш., Матросов к., 1А.